# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2024-жылдын 26-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Л.Ч.Жолдошева, К.Дж.Кыдырбаев, М.Р.Бобукеева, сот отурумунун катчысы Б.К.Мырзакановanын катышуусунда М.М.Жорокуловдун жана Т.У.Музулмановдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2024-жылдын 4-сентябрында М.М.Жорокуловдун жана Т.У.Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн “Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат” деген сүйлөм менен көрсөтүлгөн жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (мындан ары – УКМК) Тергөө башкармалыгынын тергөө бөлүмүнүн башчысы Э.Алишеров тарабынан козголгон кылмыш ишинин алкагында, айыпталуучу Ш.М.Пайзиевге карата Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын башчысын кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө Ош шаардык сотунун токтому 2024-жылдын 8-июнунда кабыл алынган.

2024-жылдын 31-июлунда козголгон кылмыш иши кыскартылгандыгы тууралуу УКМКнын Тергөө башкармалыгынан Ш.М.Пайзиевге кабарлама берилген.

Арызданууучулар 2024-жылдын 13-августуна чейин талашылып жаткан ченемге ылайык прокурордон же тергөөчүдөн Ош шаардык сотунун кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө 2024-жылдын 8-июнундагы токтомун жокко чыгаруу боюнча өтүнүч берүүсүн күтүшкөн. Бирок, прокурордон же тергөөчүдөн мындай өтүнүч сотко келип түшкөн эмес.

Ошондуктан, 2024-жылдын 13-августунда Ш.М.Пайзиев жогоруда аталган токтомду жокко чыгаруу тууралуу өтүнүч менен Ош шаардык сотуна кайрылган. Ошол эле жылдын 16-августунда аталган сот КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык жогоруда аталган маселе боюнча прокурор же тергөөчү гана өтүнүч менен кайрыла алат деп өтүнүчтү канаттандыруудан баш тарткан.

Кайрылуучу тарап КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгүндөгү сотко кайрылуу укугун прокурорго жана тергөөчүгө берүү менен кызмат ордунан убактылуу четтетилген жаранга тергөө судьясынын токтомун жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн чектөө бул Баш мыйзамдагы соттук коргонуу укугунан ажыратууга барабар деп эсептейт.

Ошондой эле, М.М.Жорокулов жана Т.У.Музулманов өздөрүнүн жүйөлөрүнүн негиздемеси катары Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүн, 61-беренесинин 1-бөлүгүн, 100-беренесинин 3-бөлүгүн келтирген.

Ошону менен бирге арызданууучулар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын буга чейинки чыгарылган бир нече чечимдеринде Конституция менен кепилденген жарандардын соттук коргоого болгон укуктарын көрсөтүшкөн.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, Атуулдук жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын 14-беренесине ылайык бардык адамдар соттун жана трибуналдын алдында бирдей деп көрсөтүлгөндүгүн жана ушул ченемди камсыздоочу катышуучу-мамлекет катары Кыргыз Республикасы милдеттенме алган жана анын ишке ашырылышына аракет көрүүсү керектигин белгилеген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, кайрылуу субъектилери талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнүшөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Л.Ч.Жолдошеванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген кайрылуу Конституциялык сотто ишти кароого себеп болуп саналат.

Судьялар коллегиясы келтирилген материалдардан Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгү Конституцияга ылайык келүү маселесинде аныксыздыктын пайда болгондугу байкалат жана бул ишти Конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого себеп бар деп табат.

Жарандар М.М.Жорокуловдун жана Т.У.Музулмановдун өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө»

конституциялык Мыйзамдын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жарандар М.М.Жорокулов жана Т.У.Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 267-беренесинин 5-бөлүгү Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 4-бөлүгүнө жана 100-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ушул аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Л.Ч.Жолдошева

К.Дж.Кыдырбаев

М.Р.Бобукеева

№_________